*УДК: 894.341-8-131*

**Темирова Б.Т.2, ф.и.к., доцент, ОшМУ**

**Акын Ж. Садыковдун «Саякбай» поэмасындагы мүнөз түзүү чеберчилиги**

*Макалада акын Ж. Садыковдун «Саякбай» поэмасында манасчы С. Каралаевдин образын жаратуудагы чеберчилик маселеси изилденди.*

***Ачкыч сөздөр:*** *"Манас", манасчылык өнөр, поэма, көркөм сөз каражаттары, көркөм тил.*

*В статье исследуется проблема мастерства в создании образа манасчы С. Каралаева в поэме Ж. Садыкова «Саякбай».*

***Ключевые слова:*** *"Манас" манасчи, феномен, поэма, художественные средство, художественный язык.*

Көрүнүктүү акын, драматург,Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Ж. Садыков «Манастын уулу Семетей», «Сейтек», «Айкөл Манас» классикалык чыгармалары аркылуу кыргыз сахнасында элдик эпостун жандуу жашап калышына опол тоодой эмгек сиңирди. Акын улуттук кенчти жаратуучу залкарлардын бири С. Каралаевдин адамдык, манасчылык тагдырына, мүнүшкердик өнөрүнө арнап «Саякбай» поэмасын жазган. Профессор Р. Кыдырбаева да ал жөнүндө: «Саякбай Каралаевдин ысымы менен ар бирибиздин эсибизге «Манас» эпосу түшөт. Саякбай менен «Манас» бүгүнкү күндө Кыргызстандын фольклордук искусствосунун көркөмдүк бийиктигинин өз алдынча өлчөмү болуп калды- деп белгилеген [2.45].

Поэманын жазылыш тарыхын акын мындайча эскерет: «1965-жылдары С. Эралиев, Б. Сарногоев, С. Жусуев, А. Токтомушев ж.б. акындар, Саякбай манасчы болуп Ысык-Көлдүн Сары-Камышынан баштап көлдү айланып, нараагы Тянь-Шань, Ат-Башыга чейин 15 күндөй жүрүп калдык, көлдүн тегерегиндеги айылдардын биринде элек. Элге акындар ыр окудук, адаттагыдай аяктантып Сакеме кезек берилди. Саякбай күпүлдөтүп «Манасын» айтып жатты, аңгыча нөшөрлөгөн жамгыр жаап жиберди. Манасчы жомогун токтоткон жок, былк этпей бардыгы «Манасты» жамгыр алдында угуп жатышты. Келгендин баары бүт бойдон манасчыга жан дили менен берилип калган эле» [1.156].

Ушул окуяга үндөш Ч. Айтматов да С.Каралаев тууралуу эскермесин жазган. Мындай эки доордун жүгүн аркалаган классиктердин болгондо да эки түрдүү көркөм дүйнөнүн бир чекитинен кездешүүсү, чындыгында, сейрек кездешүүчү тарыхый окуя, символикалык терең мааниге ээ. Ж.Садыковдун чеберчилиги чейрек кылым мурда өткөн мезгилдин караанын жылдырып келип, талант таптаган уюткулуу калкыбыздын улуу мураска болгон аяр, зор сүймөнчүктүү мамилесин, турпаты кудум сөздөн жаралган манасчынын касиеттүү элесин көз алдыга жандуу кылып тартып койду.

Акындын поэмасы чакан төрт бөлүмдөн туруп, манасчы менен аралашып жүргөн күндөрдүн изин суутпастан С.Каралаев жөнүндөгү ойлорун, айтуучулук кереметин, таң каларлык эс-тутумун, адамзат маданиятындагы ордун чагылдыра алган. Поэмада манасчынынын татаал тагдыры, 1916-жылдагы улуттук трагедиянын капшабы, советтик армияга кызмат өтөгөн коогалуу жылдар, айтор, турмуштун далай сыноосунан өткөн узак жол баскан кудум Манас духтуу адамдын образы акын тарабынан логикалык ырааттуулукта психологиялык деталдар аркылуу жандуу сүрөттөлөт. Манасчынын өзгөчө кулк-мүнөзүнө, адамда сейрек кездешүүчү акылына, зор адамгерчилигине, карапайымдыгына сыймыктанган акын толкундануу менен оюн өрүп ырга салган. Чыгармачылык иш сапарында жүргөн сегиз акын көл аймагын түрө кыдырып жүргөндө, кайсы жерге барса, жыйналган эл клубга батпай, иш чара ачык асман алдында, табияттын койнунда өткөнү, адегенде акындар ырларын окуп, акырында манасчыга кезек келгенде, жамгыр нөшөрдөй сабалата төгүп, өзүнө чейинкилердин кемтигин толтуруп, мыктысын

ашырып, «балкытып бүткөн бойду коргошундай, баарысын жыйынтыктап таштаган» залкар талант ээсинин«Манас» айтканына күбө болобуз:

Айтылды алп Манастын өлгөн чагы,
Айтылды атпай журттун көмгөн чагы,
Айтылды алты арамдын качып-бозуп,
Каныкей кандай күндү көргөн чагы [3.137].

С.Каралаев «Манастагы» эң трагедиялуу окуяны камтыган «Чоң казатты» жана «Семетейдеги», «Каныкейдин Тайторуну чапканын» кемелине келтирип айтчу экен. Эпостогу ушул трагедияны Саякбай айтып жатканда, угуучулардын назарын бүт бойдон окуяга оодарып, мазмунга жараша өзү кошо таасирленип, эпикалык каармандар менен тагдырлаш коюн-колтук алышып, бүтүндөй адамдын акыл-эсин, көңүл маанайын бийлеп алган күчү жалаң эле анын көркөмдүүлүгүндө, өчпөс идеясында эле эмес, жомокчунун көрөсөн психолог, оргуган эпик ырчылыгына байланыштуу экендиги көрүнөт. Ж. Садыков поэмасында жандуу турмуштук кыймыл-аракеттер, психологиялык деталдар, чебер колдонгон сөз каражаттары аркылуу чоң манасчынын чыгармачылык тагдырын батырган. Саякбай Каралаевди «Семетейдеги» драмага толгон «Каныкейдин Тайторуну чапкан» окуяны өнөрдүн бийиктигине чыгып айтканын замандаштары эскерет. Бул өзгөчөлүк өзүнөн жазылып алынган эпостун тексттинен, документалдуу тасмада калган айтуучулук чеберчилигинен да көрүнүп турат.

Угалбай Каныкейдин муңдуу датын,
Далайлар көтөрө албайт жерден башын…
Мен көрдүм ошол чакта Саякбайдын
Көзүнөн салаа-салаа тамган жашын [3. 138].

Семетей мекенине кайтарда Каныкей баласынын келечегине төлгө тартып, Тайторуну чаптырат. Бул тим эле күлүктүн чабылышы эмес, эң ириде кыргыздын келечеги, түбөлүккө эңсеген өлбөс-өчпөс идеясы, үмүт-тилеги. Саякбай “Манас” айтканда, угуп олтурган эл каттуу таасирленет, бирде буркурап ыйласа, бирде кубанып, эмоциялык чыңалуу менен жандуу кабыл алышканы белгилүү.

Чыдабай Каныкейдин азабына,
Карылар жаш куюлтат сакалына,
Кемпирлер аккан жашын аарчый албай,
Балдарын корголотот чапанына… [3.138].

С.Каралаевдин угуучуларды магниттей өзүнө тартып, психологиялык өзгөчө абалга алып келиши, ириде алп манасчынын чыгармачылык аурасынын кандайдыр бир рухий күчкө ээ экендигин айгинелейт.Манасчы каармандын кыймыл-аракетин, кулк-мүнөзүн, ички психологиялык сезимин табият көрүнүштөрүнө жууруп, өткүр сөздүү ырлар менен сүрөттөөнүн өзү аны көркөм сөздүн улуу устаты даражасына көтөрөт.

Ал эми Саякбайдын окуянын мазмунуна жараша кыймыл-аракети, ар түрдүү жаңсоолору, үнүнүн музыкалык ыргактуулугу,симфониялык оркестр сыяктуу миң кубулуп, угуучуларды өзүнө багынта алган. Демек манасчы көп кырдуу өнөр ээси: төкмө акын, артист, композитор, режиссер, ушулардын баары Саякбай талантка таандык.

Поэмада Ж.Садыков болуп өткөн чыныгы турмуштун көз ирмемин жаза кетирбей кармай калып, Саякбай карыянын өнөрүнүн дагы бири кыры бүркүт таптаган мүнүшкерлигин көрсөткөн. Акын үч айдан бери көрбөгөн бүркүтү манасчыны таанып, башын ээсине жөлөгөнү, ал болсо кадимкидей кара чечекей баласын эркелеткендей көздөрүнөн өөп, буркурап ыйлаган психологиялык абалын чеберчиликте элестүү сүрөттөгөн:

Сакеме башын жөлөп..
Сакем болсо, кучактап
Сүйөп турду бир жак жаагын.
Салаалап жаш куюлуп ыйлап жатып,

Бүркүттү көздөн өбөт чопулдатып… [ 3.141-142].

Атактуу манасчы, мүнүшкер өмүрүнүн соңуна чейин көл кылаасында бүркүт багып, калаанын чөйрөсүнөн бук болгон черин улуу тоолордун койнунда кыраанына «Манасын» айтып жазчу экен. Манасчылардын көбү кыргыздын кылдат, улуу өнөрү саяпкерликти, мүнүшкерликти мыкты өздөштүргөнү белгилүү. С.Каралаев да жан-жаныбардын, түркүн куштардын тилин билген, табигат менен жуурулушуп жашаган дили таза, бүркүтчө тагдыр, мүнөз күткөн адам катары «Манаста» баатырдын Акшумкарын укмуштуудай сүрөттөп, мүнөздөмө берген. Ал канаттуу куштар дүйнөсү тууралуу «Бүркүттүн жомогу», «Бүркүтчүлөр жөнүндө аңгеме» (1952), «Канаттуу куштар» (1959) аттуу чыгармаларын да жазган. Окумуштуу А.Салиев: «Манастан» кийин Сакени өзгөчө толкуткан, өзгөчө бийлеген ошол бүркүт керемет жаныбар болгон. Бүркүттөрдүн түрлөрү, жашаган жайлары, кулк-мүнөздөрү (баатырлыгы, эркелиги, туруктуулугу, мырзалыгы ж.б.) жөнүндө сүйлөгөндө тээ байыртан бери келаткан бүркүтчүлүк өнөрдүн насилин сезип тураар элек», – дейт[2.54 ].

Ж. Садыков поэмасынын соңку бөлүмүндө атактуу манасчынын өмүрү өр таяп калган кезин, улуу муун менен кичүү муун байланышын, манасчылык өнөрдүн келечеги жөнүндө терең сөзү окурманды ойлонтпой койбойт:

Карылык бутту тушап байлап алды,
Каякта ошол күндөр кайда калды?
Жасмышты өзгөртүүгө болбойт тура,
Өкүндүң, өкүнбөдүң айла барбы?.. [3. 142].

Кыргызда: «Колдо бар алтындын баркы жок» деген накыл сөз бар. Бүтүндөй бир улуттун тарыхы болгон «дүйнө жүзүндө бир гана Адам Саякбай» кереметөлбөс өнөрдүн ээси. Ал кудум «Манастай» ооматтуу да, татаал да тагдыр күтүп, бүт өмүрүн манасчылыкка арнады. Залкар инсандын «Манас» үчилтигинен башка дагы көкүрөгүндө канчалаган элдик кенчтеринин чети оюлбай кеткени өкүндүрөт.

Билсе да Сакем тоого баргандыгын,
Жан билбейт жүрөктөгү арман- муңун…
Мен гана ичтен жоруп койгон элем,
Мертинен бир аз тайып калгандыгын [3.143].

Совет доорунда саясий идеологиянын кандуу чеңгели муунтуп турганда, С. Каралаевге бир жагынан “Манас”үчилтигин жаздырып алууга, китеп түрүндө чыгарууга кам көрүлсө, экинчи жагынан, эркин талантын чектеп, ооздуруктап “Манас баатырды коммунист кыл, орустун баатыры менен достоштур” деген талап коюп кысмакка алышкан, айтор, мезгилдин оош-кыйыш кырдаалдары сөзсүз сезимтал инсанга терс таасирин тийгизген. Бирок ал кандай гана кылыч мизинде оодарылган заман болбосун кыргыздын улуу руху болгон, өзүнө тагдырлаш «Манаска» эч качан калп айта албаган, чейрек кылым ыйык өнөрдү аркалап, кесипке айландырып, эл үчүн ак кызмат өтөдү.

Тоо турат булуттарды бөктөрүп,
Күн турат мурдагыдай көктө күлүп.
Бир гана кең Ысык-Көл Сакем жоктоп
Калыптыр калыбынан бөксөрүлүп… [3.143 ].

Чындыгында, Манас, Сагымбай, Саякбай, Алыкул, Чыңгыз булардын баары Ысык-Көл менен тагдырлаш, бири-бирин толуктап, кыргыз рухунун деңизине куюп турат. Саякбай манасчынын балалык чагы, өспүрүм кези, жигиттик курагы, кийин аксакалдык доору «аалам кареги» болгон көл жээгинде өтүптүр. Режиссер Болот Шамшиев тарткан документалдуу тасмада да Саякбай Каралаев касиеттүү көл жээгинде эргип “Манас” айтат.Манас духтуу алп адамдын бүгүн көзү жок. Доор алмашты, мезгил өзгөрдү, көл бөксөрүп бараткандай элибиздин руханий көрөңгөсү да тартылып баратканы чындык. Кыргызстан эгемен мамлекетке, демократиялык коомго ээ болгону менен, урпактар Манас, Сагымбай, Саякбай, Алыкул, Чыңгызды ажыратып тааный албай, рух дөөлөтүбүз

жакырланып, атуулдук сезимибиз мокоп, маңкуртчулуктун ширисин кийип тайыздап калганыбыз айгине.

Ж.Садыков поэмасын Саякбайдын улуу өнөрү аркылуу ушундай адамдар гана улуттун уюткусу катары дүйнөнүн түркүгүн кармап турат деген эстетикалык-философиялык жалпылоолор,метофоралык туюнтмалар, орошон идеялар менен жыйынтыктайт.

**Адабияттар**


1. Иманалиев К. Саякбай: Гений жөнүндө баллада (очерк-эссе), – Б:. Бийиктик плюс, 2014.
2. Муратова С. Саякбай. – Б:. Мукай, 2013.
3. Садыков Ж. Тандалмалар: Ырлар жана поэмалар. – Б:. Адабият, 1992.



**OSHGU TEMIROVA B.T., docent,**
**Baktygul.6565@mail.ru**


## Poet J.Sadykov's artistic character description of the Manaschy Saiakbai Karalaev


*The article examines the problem of skill in creating the image manaschy S. Karalaev poem J. Sadykov "Sayakbai".*



***Key words:*** *Manaschy phenomen, singer, character, joke, artistic words.*